*Э. Ж.Каниметов*

# Ишенаалы АРАБАЕВ жана анын атындагы университетдеги илимий иш жүргүзүү

Адистердин, демек жогорку билим берүү системасынын, сандык жакка эмес, сапатка терең кете турган өнүгүү жолу акыры келип алардын билимине жана азыркы замандын талабына жооп бере ала турган жогорку деңгээлдеги илимий иш билгилигине келип такалат.

Жакынкы арада жарыяланган Кыргыз Республикасынын Президентинин "Жаңылануу Багытындагы" ушул маселеге байланыштуу биздин көңүлүбүздү бурган абзацтар: "ЖОЖдорго изилдөө жана долбоорлоо борборлорунун иш милдетин кайтаруу"; "азыркы заманга жараша сабаттуулук тууралу жаңы түшүнүктү түзүп, аны баштапкы жана орто билим берүү системасына жайылтуу"; "окуу жайларды эмес, окуу процессине катышкандарды каржылоо жолу менен билим берүүдө атаандаштык мамилени калыптандыруу" ж.б. Коюлган мындай маселелер бийлик органдары үчүн коомдук институттардын колдоосу менен ишке аша турган практикалык көрсөтмө, тапшырмалар катары кабыл алынышы шарт.

Жогоруда цитата келтирилген абзацтардын биричиси - ЖОЖдорго изилдөө жана долбоорлоо борборлорунун иш жүргүзүүсү - менен билим берүүнүн сапаты тыгыз байланышкан. Илим жолунда такшалган чыныгы адистер гана билим-илимдин мыкты каада-салттарын сактоого, билим берүүнүн теориялык да, практикалык да жактан жогорку деңгээлде болуп, анын сапатын кармап турууга жана көтөрүүгө мүмкүндүк берип, ЖОЖ-ы үчүн өйдөгө өбөк, ылдыйга жөлөк болуп келишкен.

Жакынкы доордогу кыргыз элинин билим берүү системасынын өнүгүү процесси дагы анын башатында турган, таланттуу педагог-окумуштуу, агартуучу И.Арабаев сыяктуу илим менен билимди айкалыштырала турган өз заманынын алдыңкы адамдардын аракети менен жүргөн.

Ошондуктан, Кыргыз мамлекеттик И.Арабаев атындагы университет Ишеналы Арабаевдын атын алып жүргөнү менен сыймыктанат. Ал, жогоруда айтылгандай, кыргыз элинин алгачкы агартуучусу - инновациялык багыттагы жаңы мектепти уюштуруунун башатында турган, өз эли үчүн чындап күйгөн коомдук саясий ишмер. Көп кырдуу таланты жана көп сырдуу тагдырды аркалаган мындай инсан А.Сыдыков, Ж.Абдракманов, К.Тыныстанов сыяктуу өз кезегинде бүтүн эл-журтка бел болгон мыкты адамдарга насаат берип, кыргыз улан-кыздарынын илим-билимдин жолуна чыгышына өбөлгө түзгөн.

Ишеналы Арабаев жаңы доордун кыргызча окуу китептерин биринчи түзгөн автор гана эмес, окумуштуу, котормочу, журналист, элдик оозеки адабиятты жыйноочу, улуттук жаңы жазуунун негиз салуучусу катары да белгилүү.

Арабаевдын араб, фарси, түрк, славян тилдериндеги адабияттарды токтоосуз окуп, шар сүйлөй, жаза билгендиги, чыгыш жана батыштын ири шаарларын кыдырып чыгып, далай акылмандар менген жолугуп баарлашканы – тарыхый факт. Демек бул адам азыркы заман талап кылган жаңы муундагы адамдардын типологиясынын да башатында турат десек жаңылышпайбыз.

Ишеналы Арабаевдин жашаган кыска өмүрүндө, болгон мүмкүнчүлүктү пайдаланып бизге калтырып кеткен окуу китептерин, методологиялык колдонмолорун, котормолорун, жол очерктерин, макалаларын, ар кандай съезддерде сүйлөгөн сөздөрүн, сунуш каттарын, талап-суроолорун анализге алып, анын элге жакындыгын, заманына жараша терең билимдүүлүгүн, бийик ойлуу түшүнүгү кенен инсан гана эмес, маселенин тамырын тарта билип, туура чечкен мамлекеттик ишмердүүлүктү да көрүүгө болот.

Өз кезегинде Ишеналы Арабаев жолдоштору менен бирге абдан катаал шарттарга карабай элге билим берүүдө чоң башаттын башында турган. Алардын ишинин үзүрүн азыр кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгүнөн, илим-билимге колу жеткен жаштардын калың катмарынан көрүүгө болот.

Азыркы кезде улуу жолдун учугун улап, илим-билимдин сапатын заманга жараша жаңы деңгээлге көтөрүү азыркы муундун милдети. Азыркы учурда анын атын алып жүргөн Кыргыз мамлекеттик И.Арабаев атындагы университети дагы Кыргыз Республикасынын илимине,

билим берүүсүнө, маданиятына өз салымын кошуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып иш алып барууда.

Ушул кезде университет заманбап илимий-педагогикалык жана методологиялык программаларды, концепцияларды, окуу китептерин даярдоо боюнча, педагогика илимдеринин стратегиялык багытында иш алып баруучу, илимий-педагогикалык экспертиза жүргүзүү, чет жерлердеги педагогикалык борборлор менен иш алып баруучу кыргыз жериндеги алдыңкы жогорку окуу жайлардын бири.

Университетте илимдин жана жаңы технологиялардын: педагогика, математика, психология, укук, философия, химия, филология, экономика, информатика, искусство, физика сыяктуу тармактары боюнча калыптанган илимий борборлор иштеп жатат.

Азыркы кезде университет - 12 структуралык окуу бөлүмдөрүндө 38 багыт 54 адистик боюнча Кыргызстандык гана эмес, миңдеген чет элдик студенттерге дагы кесиптик билим берүүдө. Алардын катарында 2 лицей, 2 колледжди да айтууга болот.

“Устаранын мизинде оодарылып” бара жаткан замандын талабына ылайык университеттин өнүгүү концепциясында жана укуктук-нормативдик документтеринде жаңы инновациялык багыттагы принциптер жана методдор, билим берүүнүн идеологиясы, педагогикалык ишмердиктин жаңыланган парадигмасы орун алган.

Биздин терең ишенимибизде ар бир окуу жай, ар бир педагог өткөн доордун тажырыйбасын жерибей жаңылантканда, традиция менен иннновациянын синтездештиргенде гана алдыга жол ала алат. Кыргызстандагы педагогикалык эң жакшы деген салттарды улап жаңы билим берүү технологияларынын алкагында иш жүргүзүү – бул универсетитте окуган бардык студенттер үчүн фундаменталдык билим алууга, практикалык тажырыйба топтоого мүмкүндүк берүүчү шарт болуп эсептелет.

Азыркы күндөгү мамлекеттин абалына, финансы-каражат жагынан аксап турганыбызга карабай илим-билимди көтөрүп, коомдук интеллектуалдык-руханий деңгээлди жогорулатуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү жумшап аракет кылуу Арабаев университинин гана эмес ар бир ЖОЖдун, ар бир окуутуучунун тарыхый милдети. Университеттердеги илимий-педагогикалык жана техникалык потенциалды сактап калуу, өнүктүрүү жана илим менен билим берүүнү өркүндөтүү – учурдун талабы.

Ушундай максаттар менен окуу жайдагы илимий-изилдөө иштерин алдыга жылдыруу үчүн уюштурулган жакынкы жылдардагы илимий иш-чаралардын натыйжасы университеттин окуутуучуларынын жана окумуштууларынын илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгында байкалууда.

Өткөн 2008-чи жана мурунку жылдардагы илимий изилдөө иштеринин көрсөткүчтөрүн иликтөөлөргө таянсак, анда барган сайын төмөндөп бара жаткан илимий иштердин көрсөткүчтөрү жакынкы жылдардын аралыгында бир калыпка келип өсүү жолуна түштү деп айтууга негиз бар.

Унверситетте педагогикалык жана билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр педагогикалык кадрларды даярдоонун жаңы формасына өтүү, республикадагы билим берүү системасын тийиштүү деңгээлде көтөрүү, ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, инновациялык жана маалымат технологияларын пайдалануу жана өркүндөтүү, замандын талаптарына жооп бере турган окуу-методикалык колдонмолорду түзүү, Болон процесси боюнча экперименталдык жана теоретикалык ишжүргүзүү, дистанттык окутуу, илимий-практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, педагогикалык практиканы мыктылап уюштуруу ж.у.с. маселелерди камтыйт.

Өткөн жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түз каржыланган университеттеги илимий изилдөө иштеринин жалпы көлөмү – 1 млн. 371 миң. 500 сомду түздү. Үстүбүздөгү 2009-жылы мамлекет тарабынан бөлүнгөн каражат - 1451,3 миң сомду түзгөндүктөн бул көрсөткүч сакталып калды деп айтууга негиз бар. Жалпысынан Өкмөт тарабынан университеттеги илимий изилдөө иштери үчүн 2008-2009-жж. бөлүнгөн каржы 2005-2007 жылдардагыдан 2 эсе, 2003-2004 жж. 4 эсе көп суммада болду.

**И.Арабаев ат. КМУ деги илимий изилдөө иштерин Кыргыз Республикасынын Билим ж-а илим министрлиги аркылуу түз каржылоо**

| Жыл | Бөлүнгөн каражат |
|---|---|
| 2009 | 1451,3 миң сом |
| 2008 | 1371,5 миң сом |
| 2007 | 545 миң сом |
| 2006 | 580,7 миң сом |
| 2005 | 521,1 миң сом |
| 2004 | 386,0 миң сом |
| 2003 | 397,7 миң сом |

Жогоруда таблицадан көрүнүп тургандай кийинки жылдары мамлекет тарабынан Жогорку окуу жайлардагы илимий изилдөө иштери үчүн бөлүнүүчү каражат көбөйгөн. Ушуну эске алып, Өкмөттүн илим тармагын көтөрүүдөгү иш-аракеттеринде аз да болсо жылыш бар деп айтууга болот.

Университет тарабынан башка эл аралык жана чет элдик илимий изилдөө долбоорлору менен иштеп, грант, ж.б. каржыларды алуу үчүн да аракеттер көрүлүүдө. Албетте алар тарабынан бөлүнгөн каражат менен мамлекет тарабынан илимий иштерди каржылоону салыштырып болбойт. Мисалы, университеттин химия ж-а биология факультетинин окутуучусу Э.К.Абдыкеримова тарабынан Чехияда илимий изилдөө жүргүзүү үчүн алган гранты гана 2 млн. сомдон ашык сумманы түзөт.

Арабаев университетинин окуутуучуларынын Оксфорд университети менен биргеликте түзгөн иштөө долбоору, USAID, ГАНИС, Темпус, Ага фонду сыяктуу эл аралык уюмдар менен кызматташуусу колдоого аларлык көрүнүш.

Ошентсе дагы окуу жайдагы ар бир окуутуучунун илимий иши үчүн бөлүнгөн каражаттын көлөмү жетишээрлик деп айтууга болбойт. Ар бир окуутууучунун илимий ишке тартылып өзүнчө долбоору болуп, анын үстүндө сапаттуу иштеши гана бизди ийгилике алып келе алат. Ушул багытта - илимий жана билим берүү долбоорлорунун үстүндө иштөө, аларды сапаттуу даярдаганды билүү – азыркы кыргыз жогорку окуу жайлары үчүн абдан зарыл нерсе. Мындай долбоорлорду жогорку деңгээлде даярдап, чет мамлекеттер менен иш алып бара ала турган атайын адамдын же долбоорлоо боюнча уюштуру бөлүмүнүн болушу университеттердин ишин алдыга жылдырар беле деген ой бар. Себеби бара-жүрө мамлекет же башка каражат берүүчүлөр тарабынан ЖОЖдор менен иштешүү сапаттуу так долбоорго акча бөлүнөт деген схемага өтө тургандай.

Бул ишке студенттерди да азыртан тартуу керек. Алардын, аспирант, окуутуучулар менен бирдикте иштешип изилдөө илимий иштерин ийгиликтүү жүргүзүүсү али талапка жооп бербейт. Ошондуктан университетте студенттерди илимий изилдөө иштерине аралаштырып, алардын жазган иштерин биздин өлкөнүн илимий журналдарында, чет жерде басып чыгарууга шарт түзүү иштери колго алынууда.

Университетте замандын шартына карай болгон тартыштыктарга карабастан илимий изилдөө иштери улантылууда. Мындай иштердин жыйынтыктары монография, окуу китептерин, педагогикалык усул-жол-жобо ж.б. басып чыгаруу аркылуу жарык көрүүдө. Бул багытта кийинки убакта аз да болсо жандануу бар десек жаңылышпайбыз. Мисалы, өткөн бир жылдын ичинде окуу жайда 67 окуу китептери жана куралдары, 135 методикалык адабият басмадан чыкты.

| **Көрсөткүчтөр** | 2008 ж. | 2007 ж. | 2006 ж. | 2005 ж. |
|---|---|---|---|---|
| • 1. Басмадан чыккан:<br>• • монографиялар | **21** | **6** | **4** | **6** |
| • • окуу китептери | **67** | **40** | **68** | **15** |
| • • окуу.мет. куралдар ж.б. | **135** | **127** | **34** | **67** |
| • • макалалар | **724** | **650** | **397** | **300** |

Жогоруда көрүнүп тургандай илимий изилдөө иштерин жарыка чыгарууда жылыштар бар. 1991-2004 жылдарга салыштырганда жетикшендиктер туруктуу. Бул жерде дагы бир белгилей кете турган жаңылык илимий иштердин электрондук түрүн иштеп чыгуу маселеси. Өткөн бир жыл убактынын ичинде университетте 46 окуу-методикалык материал электрондук түрдө жарыяланды. Бирок булар расмий илимий иш катары таанылбайт, себеби электрондук басылма катары регистрациядан өткөн эмес.

Ошондой эле университеттеги илимий журналдар бардык кыйынчылыктарга карабастан чыгаралып келүүдө. Бул ишке аларды регистрация кылган аттестациялык органдар жол тоспостон түшүнүү менен мамиле кылып көмөк кылышы керек жана илимий журналдарды электрондук түрдө чыгарып Интернет аркылуу жарыялоо иши колго алына турган кези. Эгер өкмөттүк органдар көмөк көрсөтүп илимий иштердин мындай түрдө чыгып турушуна жол ачылса, анда электрондук түрдө чыккан илимий иштер расмий түрдө таанылып, автордук укук жөнүндө мыйзамга ылайыкталып окуутуучулар үчүн күтүлбөгөн бир жеңилдик болоору шарт.

Бул маселе бардык жогорку окуу жайларында бар. Ушуга карай айтыла турган дагы бир жагдай, эмгек кылып жазган илимий иштерди басып чыгарууда каражат тартыш болгондуктан чыккан китеп-китепчелердин тиражы 100 экз. гана айланасында болууда. Жаңы чыккан илимий иштерди сапатына жараша анализдеп, системага салып жыйнап жалпы республикалык жаңы илимий эмгектердин тизмесин фондун түзүү зарыл. Ошону менен катар басмадан чыккан илимий иштердин тиражына, сапатына, керектелишине гана көз салбастан башка альтернавтидүү жолдорду дагы караштаруу талапка ылайык көрүнүш.

Окуу жайда аталган иш менен катар илимий-иш чараларын уюштуруу иштери дагы жүрүүдө. Университетте мурунку жылдарда жалпы саны 10 дун тегерегинде конференция уюштурулуп келген болсо, өткөн 2008 жылы 26 илимий жана илимий-практикалык конференция өткөрүлдү. Алардын ичинен жалпы республикалык жана эл аралык деңгээлдеги кыргыз тил маселесине арналган «Кыргыз терминологиясынын актуалдуу маселелери», университетте 15 жылдан көп убакытта иштеген көрүнүктүү физик Самат Кадыровко арналган «С.Кадыровдун өмүрү ж-а чыгармачылыгы», Кыргызстандагы педагогика илиминин жана билим берүүнүн өнүгүшү, Батыш өлкөлөрүн таануу, чет тилдерди үйрөнүү маселелерине, тышкы ж-а ички саясатка, табигый илимдерге, экономика, менеджмент, искусство ж.б.у.с. багыттарга байланышкан темалар боюнча өткөрүлгөн илимий жана илимий-практикалык конференциялар айтууга татырлык.

Ошол эле мезгилде окуу жайда иштеген окуутучулар АКШ, Индия, КЭР, Египет, Англия, Германия, Япония, Россия ж.б. өлкөлөрдо жана Кыргызстандагы өткөн 257 илимий конференцияларга, симпозиумдарга илимий билдирүүлөр менен катышып келишти. Ушул багытта чет өлкөлүк илимий чөйрөлөр менен иштөөшүүдө университетте профессионалдык түрдө чыгыш жана батыш элдеринин тилдерин үйрөтүп жаткан факультеттер менен институттар мүмкүнчүлүгүн пайдаланып активдүү аракет кылышса деген каалоо бар.

Университетте адистерди даярдоодо окутуучуларды кайра даярдоо жана мугалимдердин квалификациялдарын жогорулатуу институту, педагогикалык институт жана ар бир структуралык бөлүм окуу жайдын окутуучулары жогорку методикалык жана илимий деңгээлде билим берүүсүн камсыз кылуунун аракетинде. Илимий иштерди жүргүзүү жөндөмү менен тыгыз байланышкан жаңы педагогикалык технологияларды өздөштүрүү процесстери жалпы университеттин эмгек жааматын камтып, бул маселе боюнча атайын бөлүмдөр иштеп жатат.

Ушул учурда университетте жогорку илимий даражасы бар кадрларды даярдоо иши жүрүп жатат. Жакталган диссертациялардын 17-нин 4 докторлук, 13 кандидаттык диссертациялар. Мындай наам алган кесип ээлерине деңгээлине, чыныгы билимине көз салып, талап кою, ушул багытта башка илимий мекемелер менен байланышып иш алып баруу жана алардын санын көбөйтүү ар бир ЖОЖдын алдында турган иш.

Азыркы күнү окуу жайда 500 дөн ашык магистрант, аспирант, докторант даярдыктан өтүүдө, 1000 ге жакын окуутуучулар, илимдин кандидаттары жана докторлору иштеп жатышат. Алардын арасында Кыргыз Республикасына эмгеги синген, белгилүү жана абдан тажрыйбалуу инсандар да бар.

Мындай такшалган адистер билим-илимдин мыкты каада-салттарын сактоодо, профессордук-окутуучулар курамынын теориялык, практикалык даярдыктарынын жогорку деңгээлде болушун камсыз кылууда жана окуутунун сапатын көтөрүүдө, бүтүрүүчүлөрдүн инсандык касиеттерин калыптанышына өз таасирин тийгизип жаштарга үлгү болушууда.

Бүгүнкү күндө адамдын коомдо ийгиликтүү жашоосу анын илимий деңгээлине, акылынын өсүшүнө, кесибине байланыштуу болууда.

Себеби келечектеги экономика билим менен интеллектуалдык өндүрүшкө негизделип өнүгүп жатат. Ошондуктан окуу жайдын алдында турган азыркы максат андай экономиканы кыймылга келтире турган жаны муунду жана андай муундарга билим бере турган педагогдорду калыптандыруу. Бул максатка карай кеткен жол жана жалпы эле билим берүүнүн түпкү маңызы илим жолу менен байланышканын унутууга болбойт.